DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 1, 2022

*Өмүрова А.А., Назарова Г.С.*

# МУГАЛИМДИН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН НЕГИЗГИ ШАРТТАРЫ

*Омурова А.А., Назарова Г.С.*

# ОСНОВНЫЕ УСЛОВИЯ ФОРМИРОВАНИЯ КОМПЕТЕНТНОСТИ УЧИТЕЛЯ

*A. Omurova, G. Nazarova*

# THE MAIN CONDITIONS FOR THE FORMATION OF TEACHER COMPETENCE

*УДК: 37.047(575.2) (04)*

*Макалада заманбап билим берүү процессинде, болочок мугалимдин квалификациясын жогорулатуу боюнча милдеттерди карадык, жана инновациялык ишмердүүлүккө жөндөмдүүлүгүн, профессионалдык активдүүлүккө ээ болуп, өзүн-өзү такшалтуу ж.б. ушул сыяктуу сапаттарга ээ болуусун талап кылат мугалимдин педагогикалык профессионалдык компетенттүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатуу маселеси б.а. активдүү, эркин ой жүгүртүүгө, окуу-тарбиялоо процессин моделдештирүүгө, өз алдынча жаңы идеяларды ойлоп таап, жаңы технологияларды окутуу тарбиялоо процессине киргизүүгө жөндөмдүү адистерди даярдоо бүгүнкү социалдык экономикалык шартта дагы актуалдуу болуп эсептелет. Орто мектептин же жогорку окуу жайдын бүтүрүүчүсүнүн компетенттүүлүлүгүнүн сапаттын система катары карасак, ага таасир берүүчү факторлордун ар бири өз алдынча система болуп эсептелет, жана билим берүү процессинде, мугалимдин инсан болуп калыптанышына шарт түзүлөт.*

***Негизги сөздөр:*** *компетенттүүлүк, инновация, ишмердүүлүк жөндөмдүүлүк, мугалим, тарбиялоо, окутуу, билим берүү, педагогикалык тажрыйба.*

*В процессе современного образования мы рассмотрели задачу повышения квалификации будущих педагогов, способности к инновационной деятельности, профессиональной деятельности, самосовершенствованию и т.д. Проблема повышения уровня педагогической компетентности учителя, требует приобретения профессиональной качеств. Подготовка специалистов, способных активно, свободно мыслить, моделировать образовательный процесс, самостоятельно изобретать новые идеи и внедрять в образовательный процесс новые технологии, еще более актуальна в современных социально-экономических условиях. Коммуникабельность, высокий уровень развития личности педагога, учащихся стабильный позитив в обучении и развитии. Если рассматривать компетентность выпускника вуза или вуза как систему качества, то каждый из факторов, влияющих на нее, представляет собой самостоятельную систему и способствует формированию педагога как личности в образовательном процессе.*

***Ключевые слова:*** *компетенция, инновация деятельности, способность учитель, воспитания, обучение, образования, педагогический опыт.*

*In the process of modern education, we considered the task of improving the skills of future teachers, the ability to innovate, professional activities, self-improvement, etc. The problem of increasing the level of pedagogical professional competence of a teacher, which requires the acquisition of such qualities by him. The training of specialists who are able to actively, freely think, model the educational process, independently invent new ideas and introduce new technologies into the educational process is even more relevant in modern socio-economic conditions. If we consider the competence of a university or university graduate as a quality system, then each of the factors influencing it is an independent system and contributes to the formation of a teacher as a person in the educational process.*

***Key words:*** *competence, innovation, activities, ability, teacher, upbringing, education, experience.*

Азыркы коомдун талаптарын ишке ашыруу бүгүнкү мугалимден жогорку маданиятты, терең адеп-ахлактуулукту, баалуулуктардын жана ишенимдеринин системалык калыптанышын, граждандык көз карашын, окуучуларынын чыгармачылык потенциалын жогорулатууга кызыкдарлыгын, жаңы инновациялык ишмердүүлүккө жөндөмдүүлүгүн, профессионалдык активдүүлүккө ээ болуп, өзүн-өзү такшалтуу ж.б. ушул сыяктуу сапаттарга ээ болуусун талап кылат. Мына ушуга байланыштуу ар тараптан өнүккөн инсанды калыптандыруу маселеси менен катар эле, адистин педагогикалык, профессионалдык компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселеси дагы эң башкы ролду ойнойт. Эгер жогорку окуу жайынын бүтүрүүчүсү кайсыл бир компетенттүүлүктөргө ээ болсо, б.а. кандай ишмердүүлүккө ээ болду, эмнени жасай алат, эмнеге даяр деген суроолорго жооп бере алса – бул анын компетенттүү мамиле жасай ала тургандыгынан кабар берет.

Компетенттүү мамиле дегенибиз – бул азыркы көп факторлуу социалдык-саясий, базар экономикасынын, маалыматтык жана коммуникативдик бай мейкиндигинде бүтүрүүчү акырындык менен басымдуулук кылуучу билим берүү парадигмасында артыкчылык кылуучу билимге багыт алып, компетенциялардын комплексине ээ болууга шарт түзүүчү билим, билгичтик, көндүмдөргө ээ болуу менен туруктуу жашоо ишмердүүлүккө жөндөмдүүлүгү жана жогорудагыдай шартта жашап кетүү мүмкүнчүлүгү саналат.

Келечектеги мугалимдин педагогикалык профессионалдык компетенттүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатуу маселеси б.а. активдүү, эркин ой жүгүртүүгө, окуу-тарбиялоо процессин моделдештирүүгө, өз алдынча жаңы идеяларды ойлоп таап, жаңы технологияларды окутуу тарбиялоо процессине киргизүүгө жөндөмдүү адистерди даярдоо бүгүнкү социалдык экономикалык шартта дагы актуалдуу болуп эсептелет.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Анткени, биринчиден, профессионалдык компетенттүү мугалим окуу-тарбиялоо процессинде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүнүн калыптанышына оң тасирин тийгизет; экинчиден, өзүнүн професионалдык ишмердүүлүгүндө эң жакшы жетишкендиктерге ээ боло алат; үчүнчүдөн өздүк профессионалдык мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууга жөндөмдүү болот.

Эгер биз мугалимдин, педагогдун профессионалдык компетенциялары жөнүндө сөз кыла турган болсок, анда бул түшүнүктүн мазмунунда кандайдыр бир педагогикалык маселелерди өз алдынча, жетишээрлик натыйжалуу чече ала турган мугалимдин, педагогдун, тарбиячынын өздүк мүмкүнчүлүктөрү кирет.

Кандайдыр бир педагогикалык маселелерди чечүү үчүн педагогикалык теорияны өздөштүрүп, билим, билгичтиктерге ээ болуп аны практикада колдоно билүүгө даярдык керек. Мугалимдин педагогикалык компетенттүүлүгү деп, - анын эмгегиндеги педагогикалык ишмердүүлүгү, педагогикалык баарлашуусу, мугалимдик инсандыгынын жогорку деңгээлде жетилтүүсү, окуучуларды окутууда жана өнүктүрүүдө туруктуу оң натыйжаны камсыз кылуусу эсептелет.

Ар түрдүү мезгилдерде ар түрдүү авторлор педагогдун профессионалдык компетенттүүлүгүнө, компетенцияларына ар кандай трактовкаларды айтып келишет. Аларды жыйынтыктап, мугалимдин профессионалдык компетенцияларына мугалимдин психологиялык, педагогикалык жана предметтик билимдери, профессионалдык билгичтиктери жана көндүмдөрү, өздүк тажрыйбага ээ болгондугу менен мүнөздөлгөн интегративдик инсандык сапаттар айкындалат [1].

Айрым авторлор педагогдун компетециясларына төмөнкү инсандык сапаттарды киргизишет: демилгелүүлүк, жоопкерчилик, эмгекчилдик, максатка багыттуулук, өзүнө ишенимдүүлүк. Ал эми, башка авторлор компеиенциялардын структурасына билимге ээ болуу деңгээлин аныктай турган мотивациялык-баалуулук сфераны киргизүүнү колдошот.

Ошентип, жогорудагы аталып кеткен профессионалдык компетенцияларга кирген сапаттар адамдын профессионалдык ишмердүүлүгүндөгү, профессионалдык баарлашуусундагы, профессионал инсан катары жекече, өздүк жетилгендигин белгилейт.

Келечектеги адистин профессионалдык компетенттүүлүгүнүн калыптанышы окуу предметтеринин составынан, ал предметтерди окуу учурунда өздөштүргөн билим, билгичтик, көндүмдөрдөн жана студенттердин социалдык, саясий, маданий активдүү позициясынан көз каранды.

Жогорудагы айтылгандар комплекстүү түрдө гана ишке ашырылганда гана «адам-адам» системасында субъект профессионал катарында өзүн-өзү өнүктүргөн, өзүн-өзү жетилдирген келечектеги мугалимдик инсандын калыптанышы жана өнүгүшү ишке ашат.

Ал эми, бүгүнкү күндүн талабына жооп бере турган компетенттүү адисти даярдоо үчүн ага дал келген илимий негиздеги билим берүү системасын түзүү керек. Компетенттүү адисти даярдоонун бир нече жолдору бар, мисалы, Н.Ф. Талызина [2] эң негизги үч составдык бөлүктөгү сапаттарга ээ болуу керек деген, алар: сапат, билим, билгичтик.

Бул үч сапаттын ичине төмөнкүлөр кирет:

- эмгекчилдик, көңүл коюу, чыгармачылык мамиле сыяктуу ишмердүүлүккө байланышкан сапаттар;
- ишмердүүлүктөгү жана жүрүш-туруштун жалпы стилин мүнөздөөчү сапаттар: аткаруучулук, өз алдынчалуулук, сөзүнө туру, авторитеттүүлүк, активдүүлүк, энергиялуулук.
- акыл-эс жөндөмдүүлүгүнө тиешелүү сапаттар: ийкемдүүлүк, динамикалуулук, алысты көрө билүүчүлүк.
- административдик-уюштуруучулук сапаттар: иштиктүү атмосфераны түзө билүү, адамдарды башкара билүү, коллектив үчүн күрөшүү, адамдарды тааный билүү, аларды ишендире билүү.
- адамга мүнөздүү сапаттарга: чынчылдык, тартиптүүлүк.
- өзүнө мүнөздүү болгон сапаттар: талаптуулук, бир мүнөздүүлүк, ишенимдүүлүк, өзүн-өзү жетиктирүү.
- профессионалдык ишмердүүлүк жөнүндө маалыматка, жалпы маданиятка, адистиги боюнча бардык билимдерге ээ болуу.
- коюлган маселени так чече билүү, адабияттар менен иштей билүү, ишмердүүлүгүн пландаштыра билүү ж.б. билгичтиктерге ээ болуу.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Буга окшогон сапаттарды адистиктердин өзгөчөлүктөрүнө карай санай берүүгө болот.

Студенттердин профессионалдык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн негизги шарттары катары төмөнкүлөрдү эсептөөгө болот:

1. Уюштуруучулук-башкаруучулук (окуу планы, семестрлик графиктер, расписание түзүү, компетенттүүлүктүн деңгээлин аныктоочу критерийлерди иштеп чыгуу, билим берүү процессиндеги материалдык-техникалык жабдуулар менен камсыз кылуу).

2. Окуу-методикалык (сабактардын мазмунун тандоо, ар түрдүү курстарды интеграциялоо, алдыңкы идеяларды бөлүп алып, өз алдынча кароо).

3. Технологиялык (текшерүүчү - баа берүүчү, окутуунун активдүү формаларын уюштуруу, компетенттүүлүккө кирген билгичтиктердин топторун аныктоо, инновациялык технологияларды пайдалануу).

4. Психологиялык-педагогикалык (студенттердин өнүгүүсүн диагноздоону, окуунун мотивациясын стимулдаштыруу системасын ишке ашыруу, компетенттүүлүктүн критерийлерин аныктоо, ар бир сабакта рефлексивдүү-баалоочу этапты ишке ашыруу, студенттерди өзүн-өзү башкаруучулукка үйрөтүү).

Келечектеги мугалимдин профессионалдык компетенттүүлүгүнүн структурасы студенттердин педагогикалык ишмердүүлүктөрүндө кайсы бир педагогикалык маселени чечүүдө теориялык билимдерге негизделип, үзгүлтүксүз өнүгүүчү аркеттеринде педагогикалык билгичтиктерин пайдалана билүү жөндөмдүүлүгү аркылуу көрүнөт.

В.А. Сластенин [3, 42-б.] бардык педагогикалык билгичтиктерди 4 группага бириктирет:

- Объективдүү педагогикалык процесстин мазмунун объективдүү тарбиялоо процессинин конкреттүү педагогикалык маселесине айландыра билүү билгичтиги;
- Логикалык жол менен педагогикалык системанын (окутуу-тарбиялоону пландаштыруудан тартып, билим берүү процессинин формасын, методун, каражаттарын тандоо жана уюштуруу) түзүлүшүн, ишке ашырылышын пландаштыра билүү;
- Окутуу-тарбиялоонун факторлорунун жана компоненттеринин өз ара байланыштарын түзүү жана бөлүп кароо, аларды аракетке келтирүү, бирдиктүү аракетти уюштуруу, мектеп менен чөйрөнүн байланышын түзүү билгичтиктери;
- Педагогикалык ишмердүүлүктүн натыйжаларын баалоо жана эске алуу билгичтиги б.а. билим берүү процессинде анализ жана өздүк анализди ишке ашыруу жана мугалимдин ишмердүүлүгүнүн натыйжасы.

Адатта, мугалимдин теориялык даярдыгы катары психологиялык-педагогикалык жана атайын билимдердин жыйындысын өздөштүрүү каралат.

Бирок, билимдердин калыптанышы – бул өздүк максат болуп саналат. Эгер мугалимдин алган билими ишмердүүлүгүндө пайдаланылбаса, өлүү жүккө айланып калары белгилүү. Ошондуктан, мугалимдин теориялык даярдыгы жөнүндө сөз кылганда анын алган билиминин ишке ашуу формаларына көңүл буруу керек. Мисалы, теориялык билим өз кезегинде педагогикалык ой жүгүртө билүү, аналитикалык, прогностикалык, проективдик, жана рефлексивдик билгичтиктеринин жалпыланган формасында көрүнөт.

Аналитикалык билгичтик төмөнкүлөрдөн турат: педагогикалык кубулушту анализдөө (анын шартын, себебин, мотивин, стимулун, каражатын, формасын ж.б.), педагогикалык кубулушту тура диагностоо, басымдуулук кылган педагогикалык маселени табуу, аны чечүүнүн оптималдуу жолдорун табуу.

Прогностикалык билгичтик билим берүү процессин башкаруу менен байланышып, башкаруунун субъектиси, максаты, натыйжасы мугалимдин аң-сезиминде ачык чагылып турушу зарыл. Прогностикалык билгичтик объектисине жараша үч топко бөлүнөт: коллективди өнүктүрүүнү, инсанды өнүктүрүүнү, педагогикалык процессти прогноздоо.

Ал эми, проектирлөө билгичтиги билим берүү процессинин проектисин түзүү жана аны ишке ашыруу аркылуу ишке ашырылат дагы төмөнкүлөрдү өз ичине камтыйт: окутуу жана тарбиялоонун чегин аныктоо, белгиленген ыкмаларды этаптуу ишке ашыруу, билим берүү процессине катышуучулардын кызыгуусу, талаптары, мүмкүнчүлүктөрү, өздүк тажрыйбасы, инсандык-ишмердик сапаттар эске алынып, ишмердүүлүктү пландоо, окуучулардын жекече ишаракеттерин пландоо, педагогикалык процесстин формаларын, методдорун, каражаттарын тура тандоо, айкалыштыра билүү, ата-энелердин, коомчулуктун, чөйрөнүн тарбиялык таасиринин өнүгүүсүн пландаштыруу.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Мугалимдин текшерүүчүлүк-баалоочулук ишмердүүлүгүн ишке ашырууга багытталган билгичтик - рефлексивдик билгичтик деп аталат. Ал теориялык иш аракетти, өзүнүн аракетин анализдөөгө, ой жүгүртүүгө багытталган атайын форма болуп саналат. Мугалим үчүн эң башкысы алынган натыйжа анын ишмердүүлүгүнүн негизи боло алабы же боло албайбы деген маселени чечет.

Ошентип, педагогдун профессионалдык компететтүүлүгү дегенибиз – бул педагогикалык чеберчилик түшүнүгүнө жакын түшүнүк болуп саналат.

Эгер педагогикалык чеберчилик профессионалдык даярдыктын деңгээлинде педагогикалык кайсыл бир маселени чечүүдө, кайсыл бир инсандык сапаттарга ээ болууда, ишмердүүлүктүн натыйжасында көрүнсө, профессионалдык компетенттүүлүк студенттик курактан баштап ишке ашырылат.

Профессионалдык компетенттүүлүктүн структуралык компоненттери чыгармачылыктын элементтерин камтып турат. Профессионалдык компетенттүүлүктү өнүктүрүү – бул дайыма тездик менен өзгөрүп турган педагогикалык чөйрөгө бат ыңгайлашуучу, педагогикалык инновацияларды тез кабыл алуучу, чыгармачыл жеке инсандын өнүгүшү болуп саналат.

Эгер педагогикалык чеберчилик профессионалдык даярдыктын деңгээлинде педагогикалык кайсыл бир маселени чечүүдө, кайсыл бир инсандык сапаттарга ээ болууда, ишмердүүлүктүн натыйжасында көрүнсө, профессионалдык компетенттүүлүк студенттик курактан баштап ишке ашырылат. Орто мектептин же жогорку окуу жайдын бүтүрүүчүсүнүн компетенттүүлүлүгүнүн сапаттын система катары карасак, ага таасир берүүчү факторлордун ар бири өз алдынча система болуп эсептелет [4].

Жыйынтыктап айтканда компетенттүүлүктүн структуралык компоненттери чыгармачылыктын элементтерин камтып турат. Компетенттүүлүктү өнүктүрүү – бул дайыма тездик менен өзгөрүп, турган педагогикалык чөйрөгө бат ыңгайлашуучу, педагогикалык инновацияларды тез кабыл алуучу, чыгармачыл жеке инсандын өнүгүшү болуп саналат.

**Адабияттар:**


1. Кузьмина Н.В. Способности, одаренность, талант учителя. - Л., 1995.
2. Пути разработки профиля специалиста. / Н.Ф. Талызина, Н.Г. Печенюк, Л.Б. Хихловский. - Саратов: Изд. Сарат. унив., 1987.
3. Формирование профессиональной культуры учителя. / Под ред. В.А. Сластенина. - М., 1993.
4. Мамбетакунов Э.М. Педагогикалык кадрларды даярдоого системалуу мамиле Известия ВУЗов Кыргызстана. - Бишкек. №7, 2016. - С. 4-6.
5. Усон уулу Ж. Научно-педагогические основы формирования профессиональной компетентности будущих учителей. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 2. С. 238-242.
6. Курманкулов Ш.Ж., Жороева М.К. Мнения учителей о совместном формировании двух компонентов компетентности. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 7. С. 271-275